| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын

ТОКТОМУ № 5-15-1

23-декабрь 2022-жыл — Кызыл-Жылдыз айылы

**Кызыл-Жылдыз айыл аймагындагы ИСКАКБ (ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелерин "Кайдуулат" суу пайдалануучулар ассоциациялары, жайыт комитети жана тазалыкты бириктирип, Кызыл-Жылдыз айыл аймагында муниципалдык ишкана түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү А.К.Эргешовдун төрагалыгында 30.11.2022-жылы болгон "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын кеңейтүү боюнча реформаларды жүргүзүүгө даярдыктарды көрүү жөнүндө" жыйындын №1 протоколунун негизинде жана Нарын облусунда социалдык-экономикалык реформасы" пилоттук долбоорунун негизиндеги Нарын облусуна мамлекеттик муниципалдык ишканаларды түзүү боюнча сунуштарды угуп, Кызыл-Жылдыз айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1.Кызыл-Жылдыз айыл аймагындагы ИСКАКБ "Боктай булагы" (ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмеси, "Кайдуулат" суу пайдалануучулар ассоциациясы, жайыт комитетин жана тазалыкты бириктирип, Кызыл-Жылдыз айыл өкмөтүндө муниципалдык ишкана түзүлсүн.

2.Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылып, жогорудагы коомдук уюмдардын тиешелүү документтерин өткөрүүнү даярдоо Чаликова Сүйүнгө милдеттендирилсин.

3.Жайыт акылары бодо малга 100 (жуз) сом, жандыкка 20 (жыйырма) сом болгондугу белгиленсин.

4.Таза суу акысы бир адамга сырттан суу түтүгүнөн алгандар үчүн 15(он беш) сом, үйүнө киргизип алгандар үчүн 30(отуз) сом боюнча калгандыгы эскертилсин.

5.Сугат суу акысы 1(бир) гектар үчүн 200 (эки жз) сом боюнча калгандыгы түшүндүрүлсүн.

6.Салыктык эмес төлөмдөр үчүн, таштанды салыгы ар бир түтүнгө айына 100 (жүз) сомдон бекитилсин.

7.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы Дуйшенбек уулу Амантурга жүктөлсүн.

Төрага: — **Жолдошбек уулу Жоодар**